**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МИЛДЕТТҮҮ МЕДИЦИНАЛЫК КАМСЫЗДАНДЫРУУ ФОНДУ**

**ФОНД ОБЯЗАТЕЛЬНОГО МЕДИЦИНСКОГО СТРАХОВАНИЯ ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2019-жылдын «22» 11 № 335 Бишкек шаары

## Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полиси жөнүндө

«Кыргыз Республикасында жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2017-жылдын 4-апрелиндеги № 90 буйругу менен бекитилген Регламентине ылайык **буйрук кылам**:

1. Төмөнкү курамда жумушчу топ түзүлсүн:

А.М. Калыков – төрайымдын орун басары (жумушчу топтун төрагасы);

В.А. Матвеева – Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмүнүн башчысы;

Ж.А. Азизбекова – Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгынын башчысы;

Г.Ш. Борчубаева – Бюджеттик пландоо башкармалыгынын башчысы;

Т.К. Муканов – Маалыматтык-техникалык камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысы;

А.Б.Керимбаев – Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмүнүн башкы адиси.

2. Жумушчу топ 2020-жылдын 20-февралына чейинки мөөнөттө ММК Полисинин наркын эсептөөнү жүргүзсүн.

3. Милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин баасы 2020-жылдын 1-кварталынын аягына чейин мурдагы өлчөмдө белгиленсин:

- Кыргыз Республикасынын жарандарына бир бирдик үчүн 1200 (бир миң эки жүз) сом өлчөмүндө, 12 календардык ай колдонуу мөөнөтү менен;
- Кыргыз Республикасында убактылуу жашаган же убактылуу келген чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар үчүн Кыргызстанда убактылуу болгон учурунда 1012 (бир миң он эки) сом 1 ай колдонуу мөөнөтү менен же 12144 сом бир жыл колдонуу мөөнөтү менен.

4. Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмүнүн башчысы (В.А.Матвеева), Бюджеттик пландоо башкармалыгынын башчысы (Г.Ш.Борчубаева), Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгынын башчысы (Ж.А.Азизбекова) 2020-жылдын 1-январына чейинки мөөнөттө 2020 жана 2023-жылдарга ММК Полисинин наркынын мындан аркы тарифинин өсүү динамикасы аныкташсын.

5. Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгынын башчысы (Ж.А.Азизбекова) 2020-жылдын 3-февралына чейинки мөөнөттө Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыз кылуу боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын жүзөгө ашыруунун алкагында баштапкы медициналык-санитардык жардам көрсөтүүнүн деңгээлинде жана стационарларда ММК полисин сатып алган чет өлкөлүк жарандар үчүн ММК полисинин наркына кирген кызматтардын түрлөрүн жана көлөмүн аныктасын.

6. Жыйынтыктоочу-укуктук колдоо бөлүмүнүн башчысы (В.А.Матвеева), Медициналык камсыздандыруу программаларын ишке ашыруу башкармалыгынын башчысы (Ж.А.Азизбекова) 2020-жылдын 1-апрелине чейинки мөөнөттө чет өлкөлүк жарандарга ММК полисин берүүнүн тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизишсин.

7. Бирдиктүү төлөөчү системасында иштеген саламаттык сактоо уюмдарына 1 дарыланып чыккан учур үчүн чет өлкөлүк жарандарга көрсөтүлгөн кызматтын ордун толтуруу 2019-жылдын аягына чейин «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун 2019-жылга бюджети жана 2020-2021-жылдарга божомолу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген өлчөмдө милдеттүү медициналык камсыздандыруу каражаттарынан жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин.

8. Маалыматтык-техникалык камсыз кылуу бөлүмүнүн башчысы (Т.К.Муканов) ушул буйрукту ММК Фондунун расмий сайтында жайгаштырууну камсыз кылсын.

9. ММК Фондунун аймактык башкармалыктарынын директорлору (Ш.Э.Эркегулов, Б.Б.Момбеков, С.А.Шамеева, М.К.Омокеев, Ж.М.Осмоналиев, Т.О.Кыргызбаев, К.Б.Токтосунов, У.С.Эмилбаев) милдеттүү медициналык камсыздандыруу менен камсыздандырылбаган адамдарга ушул буйрук менен аныкталган баада ММК полисин жайылтууну камсыз кылышсын.

10. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө ММК фондунун төрайымынын орун басары А.М.Калыковго жүктөлсүн.

---

**О Полисе обязательного медицинского страхования**

В соответствии со статьей 9 Закона Кыргызской Республики «О медицинском страховании граждан Кыргызской Республики» и Регламентом Фонда обязательного медицинского страхования при Правительстве Кыргызской Республики утвержденного приказом «Об утверждении Регламента Фонда обязательного медицинского страхования при Правительстве Кыргызской Республики» от 4 апреля 2017 года № 90 **приказываю**:

1. Создать рабочую группу в следующем составе:

А.М.Калыков – заместитель председателя (председатель рабочей группы);

В.А.Матвеева – начальник отдела сводно-правовой поддержки:

Ж.А.Азизбекова – начальник управления реализации программ медицинского страхования;

Г.Ш.Борчубаева – начальник управления бюджетного планирования;

Т.К.Муканов – начальник информационно-технического обеспечения;

А.Б.Керимбаев – главный специалист отдела сводно-правовой поддержки.

2. Рабочей группе в срок до 20 февраля 2020 года произвести обоснованный расчет стоимости Полиса ОМС.

3. Установить стоимость Полиса обязательного медицинского страхования в прежнем размере до конца 1 квартала 2020 года для:

- граждан Кыргызской Республики в размере 1200 (тысяча двести) сомов за одну единицу, со сроком действия 12 календарных месяцев;

- иностранных граждан и лиц без гражданства, временно пребывающих или временно проживающих в Кыргызской Республике на период пребывания из расчета 1012 (тысяча двенадцать) сомов со сроком действия на 1 месяц или 12144 сомов со сроком действия на 1 год соответственно.

4. Начальнику отдела сводно-правовой поддержки (В.А.Матвеева), управления бюджетного планирования (Г.Ш.Борчубаева), управления реализации программ медицинского страхования (Ж.А.Азизбекова) определить дальнейшую динамику роста тарифа цен размера стоимости Полиса ОМС на 2020 и 2023 годы в срок до 01.01.2020 года.

5. Начальнику управления реализации программ медицинского страхования (Ж.А.Азизбекова), определить виды и объемы услуг, входящих в стоимость Полиса ОМС на уровне первичной медико-санитарной помощи и стационарах в рамках реализации Программы государственных гарантий по обеспечению граждан медико-санитарной помощи для иностранных граждан приобретающих Полис ОМС в срок до 03.02.2020 года.

6. Начальнику отдела сводно-правовой поддержки (В.А.Матвеева), управления реализации программ медицинского страхования (Ж.А.Азизбекова) в срок до 1 апреля 2020 года внести соответствующие изменения в нормативные правовые акты, регламентирующие порядок выдачи Полиса ОМС для иностранных граждан.

7. Установить, что возмещение стоимости услуг, оказанных иностранным гражданам будут производится до конца 2019 года из средств обязательного медицинского страхования в размере, установленном Законом Кыргызской Республики «О бюджете Фонда обязательного медицинского страхования при Правительстве Кыргызской Республики на 2019 год и прогнозе на 2020-2021 годы» за 1 один пролеченный случай организациям здравоохранения, работающим в системе Единого плательщика.

8. Начальнику отдела информационно-технического обеспечения (Т.К.Муканов) Фонда ОМС обеспечить размещение настоящего приказа на официальном сайте Фонда ОМС.

9. Директорам территориальных управления Фонда ОМС (Ш.Э.Эркегулов, Б.Б.Момбеков, С.А.Шамеева, М.К.Омокеев, Ж.М.Осмоналиев, Т.О.Кыргызбаев, К.Б.Токтосунов, У.С.Эмилбаев) обеспечить распространение Полиса ОМС лицам, незастрахованных по обязательному медицинскому страхованию по стоимости определенном настоящим приказом.

10. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя председателя Фонда ОМС А.М.Калыкова.

**Төрайым Э.К. Боронбаева**